| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛАСТЫ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>БАШ-КУУГАНДЫ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>БАШ-КУУГАНДИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**Баш-кууганды айыл аймагынын Баш-Кууганды айылдык кенешинин XVIII чакырылышынын кезексиз он үчүнчү сессиясынын**

**№18-13/1токтому**

**Баш-Кууганды айылы.** **2022- жылдын 16 - сентябрь.**

**Баш-Кууганды айыл аймагы боюнча биринчи Элдик Курултайга айыл аймагынан делегаттарды шайлоону уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022 жылдын 15 августундагы №284 "Элдик курултайды чакыруу жөнүндө"Жарлыгы менен аныкталган 2022 жылдын 25 -ноябрында өтүүчү биринчи Элдик курултайга айыл аймагынан делегаттарды шайлоону уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө маселени карап айылдык Кенештин депутаттарынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап,Баш-кууганды айылдык кенешинин №18-13/1- кезексиз сессиясы,токтом кылат:

1. Баш-Кууганды айыл аймагы боюнча жергиликтүү курултайдын делегаттарынын жалпы саны 30 адамдан түзүлсүн:
2. Жергиликтүү курултайга делегаттарды шайлоо боюнча Баш-кууганды айыл аймагы 1 тиркемеге ылайык тиешелүү аймактарга бөлүнсүн.
3. Элдик курултайды өткөрүү боюнча уюштуруу компенентинин календарлык планында аныкталган мөөнөткө ылайык жарандардын жыйындарын жана чогулуштарын өткөрүүнүн графиги жана алардан шайлануучу делегаттардын өкүлчүлүктүү ченемдери 2 тиркемеге ылайык бекитилсин;
4. Жергиликтүү курултайлардын делегаттарын шайлоо боюнча ар бир жыйындарды жана чогулуштарды өткүрүүгө жооптуу жергиликтүү Кенештин депутаттарынын тизмеси 3 тиркемеге ылайык бекитилсин;
5. Жергиликтүү курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча 7 адамдан турган жумушчу тобунун курамы 4 тиркемеге ылайык бекитилсин;
6. Жергиликтүү курултайдын делегаттарын шайлоосун 2022 жылдын 5-ноябрында саат10-00дө Баш-кууганды айыл аймагынын жыйындар залында өтөөрү 5 тиркемеге ылайык белгиленсин
7. Бул токтом айыл өкмөтүнөн каттоодон өткөрүлүп www.gamsumo.gov.kg веб сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Нарын облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн
8. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Сапаралиевке милдеттендирилсин.

Катоо номери 95.

Төрага: Т.Сайнидинов.